# Улуттук банктын ноталары

*(2012-жылдын апрель айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




2012-жылдын апрель айында ноталарга болгон сунуштун көлөмүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү өткөн айга салыштырганда 20,0 пайызга, 2,4 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Суроо-талаптын көлөмүнүн 20,3 пайызга 2,7 млрд. сомго чейин төмөндөө алкагында, баалуу кагаздардын сатуу көлөмү 2,3 млрд. сомго чейин (-6,3 пайызга) азайган. Мындай төмөндөөнүн негизги себеби болуп рыноктун бардык сегменттеринде сатуу көлөмүнүн төмөндөшүнүн уланышы болгон: 7 күндүк ноталардын жайгаштырылган көлөмү 2,5 пайызга, 185,2 млн. сомго чейин, 14 күндүк ноталардын – 39,1 пайызга, 200,0 млн. сомго чейин жана 28 күндүк ноталардын – 1,2 пайызга, 1,9 млрд. сомго чейин азайган. Рыноктун катышуучулары боюнча өзгөчө жигердүүлүк төрт ири коммерциялык банктар жана институционалдык инвесторлордун бири тарабынан көрсөтүлгөн, алардын үлүшүнө баалуу кагаздар рыногунда жайгаштырылгандардын бардык көлөмүнөн 66,8 пайыз туура келген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 0,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,6 пайызды түзгөн. Алсак, 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 0,3 пайыздык пунктка, 5,6 пайызга чейин, 14 күндүк ноталардын – 0,7 пайыздык пунктка, 6,5 пайызга чейин, 28 күндүк ноталардын – 0,5 пайыздык пунктка, 9,1 пайызга чейин азайган.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**



Апрель айында суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү[1] өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 20,3 пайызга төмөндөө менен 667,9 млн. сомду түзгөн, сатуунун орточо аукциондук көлөмү[1] 6,3 пайызга, 576,9 млн. сомго чейин азайган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 2,1 млрд. сом деңгээлинде түптөлүп, 2,0 пайызга төмөндөгөн. Төмөндөөнүн негизги себеби болуп иштеп турган коммерциялык банктардын атынан баалуу кагаздарга негизги ээлик кылуучулардын үлүшүнүн 71,3 пайыздан 68,7 пайызга чейин кыскаруусу болгон. Мында, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы тескеринче 2,9 пайыздык пунктка, 20,3 пайызга өскөн. Юридикалык жактар-резиденттеринин үлүшү айдын жыйынтыгы боюнча 10,8 пайызга чейин (-0,4 п.п.) азайган, ал эми жеке адамдардын үлүшү март айындагы деңгээлде 0,1 пайызда сакталган.

Ноталардын банк портфелинин концентрациялануу индексинин көрсөткүчү[2] 0,13 өлчөмүндө түптөлүшү концентрациялануунун орточо деңгээлинин сакталышын көрсөтүп, рынокто бирдей үлүшкө ээ сегиз ири катышуучу катышкандыгына эквиваленттүү.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.05.2011 | 738.6 | 334.9 | 45.3% | 0.7 | 0.1% | - | 0.0% | 403.0 | 54.6% |
| 01.06.2011 | 863,7 | 574,2 | 66,5% | 28,5 | 3,3% | - | 0,0% | 261,0 | 30,2% |
| 01.07.2011 | 1093,2 | 611,9 | 56,0% | 177,8 | 16,3% | 1,5 | 0,1% | 302,0 | 27,6% |
| 01.08.2011 | 1360,0 | 919,5 | 67,6% | 3,5 | 0,3% | 2,0 | 0,1% | 435,0 | 32,0% |
| 01.09.2011 | 1357,2 | 899,5 | 66,3% | 55,9 | 4,1% | 0,8 | 0,1% | 401,0 | 29,5% |
| 01.10.2011 | 1368,4 | 1055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1738,2 | 1345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1732,4 | 1215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1366,4 | 1065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2209,5 | 1666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2313,0 | 1527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2113,8 | 1507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2072,4 | 1424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |

[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу эмес болгондуктан, бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

[2] Бул индекс банктар портфелиндеги МКОнун концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанини камтыйт. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүшкө эки катышуучунун; ал эми 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.